# Көз карандысыз аудитордун отчету

МКК “Аманат Кредит” жоопкерчилиги чектелген коомунун уюштуруучуларына

***Оң-пикир***

МКК “Аманат Кредит” жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары –Компания) 2023-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Түшкөн пайда же кеткен чыгым жана чогуу алгандагы киреше отчетунан, Өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр боюнча отчеттон жана көрсөтүлгөн күндө бүткөн жыл ичинде Акча каражаттарынын жылышы боюнча отчеттон турган финансылык отчетко, ошондой эле эсепке алуу саясатынын негизги жоболору боюнча кыскача баяндаманы кошо алганда, финансылык отчетко карата түшүндүрмөлөргө аудит жүргүзүлгөн.

Биздин пикирибиз боюнча кароого сунушталган финансылык отчет Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата абал боюнча Компаниянын финансылык абалынын негизги аспектилерин, ошондой эле анын финансылык иш натыйжасын, көрсөтүлгөн күндө жыйынтыкталган жыл ичиндеги акча каражаттарын так чагылдырылган.

***Пикир билдирүү үчүн негиздемелер***

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына (МСА) ылайык жүргүздүк. Ушул стандарттарга ылайык биздин милдет аудитордун корутундунун "Аудитордун финансылык отчет үчүн жоопкерчилиги» бөлүгүндө чагылдырылган. Кыргыз Республикасындагы финансылык отчетторго аудит жүргүзүүгө карата колдонулган этикалык нормаларга ылайык Биз, аудитти өз алдынча (көз карандысыз) негизде жүргүзүп, ошол талаптарга ылайык этикалык милдеттерди аткардык. Биздин аудитордук корутунду ой-пикирди талаптагыдай билдирүүдө далилдүү негиз болушу үчүн жетиштүү деп ойлойбуз.

***Маанилүү жагдайлар***

Финансылык отчетторго карата «Капитал шайкештиги» деп аталган 29- түшүндүрмөдө капитал шайкештиги ченеминин айрым аспектилери чагылдырылгандыгына көңүл буруу зарыл. «Капитал шайкештиги» деп аталган 29- түшүндүрмөдө көрсөтүлгөн милдеттенмелер же шарттар башка маселелер менен бирге эле, айрым бир белгисиздик жагдайынын орун алып жаткандыгын көрсөтөт. Ушунун өзү жөнгө салуучу (регулятор) тарабынан айрым бир санкциянын колдонулушуна түрткү бериши ыктымал. Ошондой болсо да, Компаниянын жетекчилиги бул маселе жакын арада жөнгө салынат деген ишенимде, анткени компания 2023-жылдын 23-августунда жаңы уюштуруу келишимин түзгөн, ага ылайык уставдык капитал көбөйтүлгөн. Бирок, Уставдык капиталды каттодоодон өткөрүү Башкы жөнгө салуучу жана башка мамлекеттик органдарга макулдашуу жол-жобосу зарыл экендигинен улам аягына чыга элек. Биз ушундан улам, бул маселеге байланыштуу модификацияланган пикирди билдире албайбыз.

***Корпоративдик башкаруу, финансылык отеттор үчүн жооп берген жетекчилик***

Жетекчилик финансылык отчеттун ФОЭСке ылайык даярдалышы жана анда маалыматтардын так чагылдырылышы, такталбаган маалыматтарга же каталарга жол берүү кесепетинен олуттуу бурмалоолор камтылбаган финансылык отчеттун даярдалышы үчүн зарыл болгон ички контролдук системасына тиешелүү жоопкерчилик тартат.

Финансылык отчетту даярдоодо жетекчилик Компаниянын өз ишин үзгүлтүксүз жүргүзүүгө жөндөмдүүлүгү, иштин үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүнө тиешелүү болгон маалыматтардын зарыл учурда чечмеленип берилиши жана жетечилик Компаниянын жоюуга ниеттенип, анын ишин токтотуу жагын караштырып же болбосо жоюудан жана ишин токтотуудан тышкары, башка бир айкын альтернатива келип чыкпаган шартты эске албаганда, Компаниянын ишинин үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүнө негизденген маалыматтардын чечмеленишине баа берүү үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.

Корпоративдик башкарууга жооп берген жактар Компаниянын финансылык отчетунун даярдалышы үчүн жоопкерчиликтүү.

***Финансылык отчетко аудит жүргүзүү үчүн аудитордун жоопкерчилиги***

Биздин максат финансылык отчетто такталбаган маалыматардын, алгылыксыз иш-аракеттердин, каталарга жол берүү кесепетинен отчетто олуттуу бурмалоолор камтылбагандыгына терең ишенимде болуу жана ага таянуу менен аудитордук корутундуну даярдоо болуп саналат. Толук ынанымда болуу терең ишенимди билдирет, бирок ал аудиттин Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөндүгүнүн жана ал орун алган болсо, олуттуу бурмалоолорду аныктап бере тургандыгынын кепилдиги болуп саналбайт. Алгылыксыз иш-аракеттер, каталарга жол берүүлөр, эгерде алар өз-өзүнчө же чогуу алганда пайдалануучулардын финансылык очтеттун негизинде кабыл алган экономикалык чечимдерге таасир этиши ыктымалдыгын негиздүү болжолдоп берген учурда гана, олуттуу болуп саналат.

Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык жүргүзүлгөн аудитте биз кесипкөйлүк ой-жүгүртүүлөргө таянуу менен аудит жүргүзүлгөн бүтүндөй мезгил аралыгында кесиптик скептицизмди сактоого аракеттенебиз. Мындан тышкары, төмөнкүлөрдү аткарабыз:

- алгылыксыз иш же каталарга жол берүү кесепетинен финансылык отчетто орун алган олуттуу бурмалоолор тобокелдигин аныктап, аларга баа беребиз; орун алган тобокелдиктерге жооп катары аудитордук далилдерди иштеп чыгып, колдонобуз; оң-пикирди билдирүү үчүн талаптагыдай жетиштүү далилден болгон аудитордук корутундуну даярдайбыз. Алгылыксыз ишке жол берүү кесепетинен олуттуу бурмалоолордун аныкталбагандыгы тобокелдиги, каталарга жол берүү кесепетинен бурмалоолордун аныкталбагандыгы тобокелдигине караганда алда канча таасирдүү, анткени алгылыксыз иш алып баруу келишип алуу, атайлап жасоо, атайлып калтырып кетүү, берилген маалыматтарды бурмалоо же ички контролдоо системасына билдирбестен башка аракетерди көрүү сыяктуу жол берилгис аракеттер менен коштолушу ыктымал;

- түптөлгөн жагдайга жараша аудитордук жол-жобону иштеп чыгуу, бирок Компаниянын ички контролдоо системасынын натыйжалуулугу боюнча пикир билдирүү максатында эмес, аудит үчүн маанилүү болгон түшүнүктү алабыз;

- колдонулган эсепке алуу саясатынын мүнөзүнө баа берип, бухгалтердик баа берүүлөрдүн, маалыматтардын жетекчилик тарабынан берилген чечмелөөлөрүнүн негиздүүлүгө баа беребиз;

- Компаняинын жетекчилиги тарабынан иш үзгүлтүксүздүгү жагындагы жол берүүлөрдүн тууралыгы боюнча корутунду чыгарып, алынган аудитордук далилдердин негизинде Компания үзгүлтүксүз өз ишин уланта тургандыгына жөндөмдүү экендигине олуттуу шектенүүлөр келип чыгышына түрткү берген жагдайдарга жана шарттарга байланыштуу белгисиздик жагдайы тууралуу корутунду чыгарабыз. Эгерде олуттуу белгисиздик жагдайы бар деген корутундуга келе турган болсок, анда аудитордук корутундуда финансылык отчеттун маалыматтарынын чечмеленишине көңүл бурууга же маалыматтардын чечмелениши талаптагыдай эмес болсо, пикирибизди алмаштырууга (модификациялоого) тийишпиз. Биздин корутунду аудитордук корутунду берүү күнүнө карата алынган аудитордук далилдерге негизденген. Ошондой болсо да, келечекте келип чыгышы ыктымал болгон жагдайлар жана шарттар Компаниянын ишин үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө таасир этиши мүмкүн;
- Бүтүндөй финансылык отчетко, анын түзүмүнө жана маалыматтардын чечмеленишин кошо алганда, анын маани-маңызына, ошондой эле финансылык отчетто камтылган операциялар жана иш жагдайлары туура чагылдырылышын камсыз кылганын толук ишенимде болгондой баа беребиз;

Биз корпоративдик башкарууга жооп берген жактар менен маалымат алмашуу жагында кызматташып, аларга башкалардын тышкары, биз алар менен аудит көлөмү жана мөөнөтү, аудит жыйынтыгы боюнча олуттуу сын-пикирлер, анын ичинде аудит жүргүзүү процессинде аныкталган ички контролдоо системасындагы олуттуу кемчиликтер боюнча маалыматтар менен алмашабыз.

Корпоративдик башкарууга жооп берген жактар менен маалымат алмашууда берилген маселелердин ичинен ошол учурдагы мезгил үчүн финансылык отчет үчүн эң эле маанилүү, демек, аудит үчүн негизги маселеден болгон маселелерди аныктайбыз. Ал маселелерди аудитордук корутундуда да чагылдырабыз. Мында, ошол маселелер боюнча маалыматтарды ачык чечмелөө мыйзам же ченемдик акт аркылуу тыюу салынган же болбосо кайсыл бир маселе боюнча маалымат корутундуда камтылууга тийиш болбогон, өтө сейрек учурда гана биз мындай тыянакка келген учурлар эске алынбайт. Анткени, буга мындай маалыматтардан улам келип чыккан терс кесепеттер аны билдирүү натыйжасында коомго келтириген маанилүү пайдага караганда таасирдүүрөөк болуп кетиши ыктымал деген негиздүү болжолдоолор түрткү берет.

Армен Ванян
Директор/Өнөктөш
2016-жылдын 11-июлундагы А
№0264 серясындагы Аудитордун
квалификациялык сертификаты

2024-жылдын 5-апрели
Бишкек

«Грант Торнтон»
ЖЧКсы
Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө Мамлекеттик кызматынан 2013-жылдын 3-майында алынган лицензияга ээ.

## Түшкөн пайда же кеткен чыгымдар жана чогуу алгандагы башка кирешелер боюнча отчет

| Кыргыз сомунда, миң сом менен | Эскертүүлөр | 2023-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2022-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн |
|---|---|---|---|
| Пайыздык жана ошондой эле башка кирешелер | 6 | 412,792 | 278,956 |
| Пайыздык жана ошондой эле башка чыгашалар | 6 | (139,743) | (77,781) |
| **Таза пайызыдк кирешелер** | | 273,049 | 201,175 |
| Комиссиялык кирешелер | | 5,259 | 2,125 |
| Комиссиялык чыгашалар | | (2,728) | (1,971) |
| | | 2,531 | 154 |
| Соода операциялары боюнча накта чыгымдар | 7 | (16,062) | (23,283) |
| Башка кирешелер | 8 | 1,195 | 644 |
| Кредиттик чыгымдар боюнча кам (реезерв) түзүү/анын ордун толуктоо | 9 | (33,239) | (29,917) |
| Менчиктеги башка мүлктөр боюнча кам түзүү/анын ордун толуктоо | 17 | 2,174 | 3,214 |
| Операциялык чыгашалар | 10,16,11 | (155,985) | (115,467) |
| **Салык алынганга чейинки пайда** | | 73,663 | 36,520 |
| Пайда салыгына чыгашалар | 12 | (8,776) | (3,891) |
| **Жыл ичинде алынган пайда** | | 64,887 | 32,629 |
| | | - | - |
| **Жыл ичинде түшкөн чогуу алгандагы киреше** | | 64,887 | 32,629 |

| | | |
|---|---|---|
| Г.М.Омурзакова | Ж.Ж.Жапарбекова | Г.К.Бекжанова |
| Аткаруучу директор | Башкы бухгалтер | Финансылык менеджер |

## Финансылык абал боюнча отчет

| Кыргыз сомунда, миң сом менен | Эскертүүлөр | 2023-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2022-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн |
|---|---|---|---|
| *Активдер* | | | |
| Акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 13 | 51,813 | 37,541 |
| Туунду финансылык инструменттер | 14 | 5,309 | 15,478 |
| Кардарларга кредиттер жана аванстык төлөмдөр | 15 | 1,409,131 | 881,664 |
| Негизги каражаттар жана материалдык эмес активдер | 16 | 70,374 | 67,593 |
| Сатууга каралган узак мөөнөттүү активдер | 17 | - | 382 |
| Жана башка активдер | 18 | 67,330 | 9,688 |
| Жыйнынтыгында активдер | | 1,603,957 | 1,012,346 |
| *Милдеттенмелер жана өздүк капитал* | | | |
| Финансы-кредит уюмдарынан насыялар | 19 | 1,037,268 | 551,903 |
| Башка карыздык каражаттар | 20 | 41,225 | 10,499 |
| Учурдагы пайда салыгы боюнча милдеттенмелер | | 4,112 | 1,116 |
| Кийинкиге калтырылган салыктык милдеттенмелер | 12 | 1,715 | 809 |
| Башка милдеттенмелер | 21 | 227,421 | 188,061 |
| Жыйнынтыгында, милдеттенмелер | | 1,311,741 | 752,388 |
| *Капитал* | | | |
| Уставдык капитал | 22 | 224,700 | 224,700 |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | | 67,516 | 35,258 |
| Жыйынтыгында, капитал | | 292,216 | 259,958 |
| Жыйынтыгында, милдеттенмелер жана капитал | | 1,603,957 | 1,012,346 |

Финансылык отчет 2024-жылдын 5-апрелинде бекитилген.

| | | |
|---|---|---|
| Г.М.Омурзакова | Ж.Ж.Жапарбекова | Г. К.Бекжанова |
| Аткаруучу директор | Башкы бухгалтер | Финансылык менеджер |

## Капиталдагы өзгөрүүлөр боюнча отчет

| Кыргыз сомунда, миң сом менен | Уставдык капитал | Бөлүштүрүлбөгөн пайда | Жыйынтыыгын да |
|---|---|---|---|
| 2021-жылдын 31-декабрына карата калдык | 224,700 | 64,164 | 288,864 |
| Катышуучуларга дивиденддер | - | (61,535) | (61,535) |
| Менчик ээлери менен операциялар | - | (61,535) | (61,535) |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | 32,629 | 32,629 |
| Жыл ичинде алынган чогуу алгандагы киреше | - | 32,629 | 32,629 |
| 2022-жылдын 31-декабрына карата калдык | 224,700 | 35,258 | 259,958 |
| Катышуучуларга дивиденддер | - | (32,629) | (32,629) |
| Менчик ээлери менен операциялар | - | (32,629) | (32,629) |
| Жыл ичинде алынган пайда | - | 64,887 | 64,887 |
| Жыл ичинде алынган чогуу алгандагы киреше | - | 64,887 | 64,887 |
| 2023-жылдын 31-декабрына карата калдык | 224,700 | 67,516 | 292,216 |

Г.М.Омурзакова Ж.Ж.Жапарбекова Г. К.Бекжанова

Аткаруучу директор Башкы бухгалтер Финансылык менеджер

## Акча каражаттарынын жылышы боюнча отчет

| Кыргыз сомунда, миң сом менен | 2023-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн | 2022-жылдын 31-декабрында бүткөн жыл үчүн |
|---|---|---|
| **Операциялык иштен түшкөн акча каражаттары** | | |
| Салык алууга чейинки пайда | 73,663 | 36,520 |
| **Корректировкалоо** | | |
| Негизги каражаттардын жана материалдык эмес активдердин эскилигинин жетиши | 13,068 | 10,259 |
| Негизги каражаттарды эсептен алып салуудан түшкөн пайда/(чыгым) | 3,154 | 715 |
| Пайыздар чегерилген активердин баасынын түшүүсүнө түзүлгөн камдагы жылыштар | 33,239 | 29,917 |
| Башка активердин баасынын түшүүсүнө түзүлгөн камдагы жылыштар | (2,174) | (3,214) |
| Активдерди колдонууга укук | (7,418) | (7,674) |
| Алууга каралган пайыздар | 9,482 | 6,568 |
| Төлөөгө каралган пайыздар | (24,917) | 1,160 |
| Операциялык активдердин жана милдетенмелердин өзгөрүүсүнө чейин операциялык иштен акча каражатынын агылып кириши | 98,097 | 74,251 |
| *Операциялык активдердин өзгөрүүсү* | | |
| Туунду финансылык инструменттер | 10,169 | (5,549) |
| Кардарларга кредиттер жана аванстык төлөмдөр | (566,184) | (47,977) |
| Сатууга үчүн каралган узак мөөнөттүү активдер | 2,556 | 3,814 |
| Жана башка активдер | (57,642) | (1,548) |
| *Операциялык милдетенмелердин өзгөрүүсү* | | |
| Башка милдеттенмелер | 13,870 | 7,251 |

| | | |
|---|---|---|
| Операциялык иштен салык алынганга чейинки накта түшүүлөр /(чыгымдоолор | (499,134) | 30,242 |
| Төлөнгөн пайда салыгы | (4,874) | (1,983) |
| Операциялык иштен накта түшүүлөр /(чыгымдоолор) | (504,008) | 28,259 |
| **Инвестициялык ишкердиктен түшкөн акча каражаттары** | | |
| Негизги каражаттарды жана материалдык эмес активдерди сатып алуулар | (11,584) | (11,900) |
| Инвестициялык ишкердиктен түшкөн акча каражаттарын айкын чыгымдоолор | (11,584) | (11,900) |
| **Финансылык иштен түшкөн акча каражаттары** | | |
| Капиталды толуктоо боюнча милдеттенмелер | 21,418 | 60,292 |
| Финансы-кредит уюмдарынан насыялар | 31,383 | (177,588) |
| Башка карыздык каражаттар | 509,625 | 196,726 |
| Төлөнгөн дивиденддер | (32,629) | (75,783) |
| **Финансылык иштен накта акча каражаттарынын түшүүлөрү** | 529,797 | 3,648 |
| Акча каражаттарынын жана алардын эквиваленттеринин таза көбөйүүсү | 14,205 | 20,007 |
| Жыл башына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 37,540 | 17,032 |
| Күтүлүп жаткан кредиттик чыгымдардын көбөйүүсү | 68 | 502 |
| Жыл акырына карата акча каражаттары жана алардын эквиваленттери | 51,813 | 37,541 |

| | | |
|---|---|---|
| Г.М.Омурзакова | Ж.Ж.Жапарбекова | Г. К.Бекжанова |
| Аткаруучу директор | Башкы бухгалтер | Финансылык менеджер |

Жылдык финансылык отчет жана ага карата түшүндүрмөлөр, чечмелөөлөр менен толук көлөмдө МКК «Аманат Кредит» ЖЧКсынын башкы кеңсесинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө таанышууга болот.